**УДК 37.08**

## БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДА ГЕНДЕРДИК МАСЕЛЕЛЕР

**Шабиева Нуржан Бактыбековна** (0000-0003-4723-7294), **Эргашова Раяна Нарзибоевна** (0009-0004-3042-9702)

*Баткен мамлекеттик университети, Баткен шаары, Кыргызстан*

**Аннотация:** *Миң жылдык туруктуу өнүгүү стратегиясына ылайык дүйнө жүзү боюнча гендердик айрымды жок кылуу максатталган. Баарыбызга белгилүү болгондой айрыкча Азия өлкөлөрүндө менталитке байланыштуу аялдар жынысына карата дискриминацияга дуушар болуп келишет. Экономикалык жана социалдык тармактарга караганыбызда жогорку айлык маянага ээ кызматтарда эркектер, ал эми аз айлык акы ала турган жана иши көп бирок мааниси чоң эмес иштерде аялдар эмгектенип келишет. Мындай тармактарга билим берүү тармагын да киргизсек болот. Орто Азия өлкөлөрүндө анын ичинде Кыргызстанда да билим берүү тармагында 60%дан ашык аялдар эмгектенип келишет. Ал эми жогорку окуу жайды аяктагандан кийин илимий ишин улантууда аялдардын саны кыйла эле аз, ошол себептен бул тармактарда дагы башкаруучу кызматтарда, айлык маянасы жогору болгон орундарда, эркектер эмгектенип келет. Бул макалада статистикалык маалыматтарды колдонуу менен бул айырмачылыктарды көрсөттүк жана дисбалансты азайтууга сунуштарды киргиздик.*

**Ачкыч сөздөр:** *гендер, билим берүү, айлык акы, дискриминация, Кыргызстан, аялдар, кызмат, Азия.*

## ГЕНДЕРНЫЕ ВОПРОСЫ В СФЕРЕ ОБРАЗОВАНИЯ

**Шабиева Нуржан Бактыбековна** (0000-0003-4723-7294), **Эргашова Раяна Нарзибоевна** (0009-0004-3042-9702)

*Баткенский государственный университет, город Баткен, Кыргызстан*

**Аннотация:** *Стратегия развития тысячелетия направлена на ликвидацию гендерного неравенства во всем мире. Как мы все знаем, особенно в азиатских странах, женщины подвергаются гендерной дискриминации из-за менталитета. Когда мы смотрим на экономические и социальные направления, мужчины работают на высокооплачиваемых должностях, в то время как женщины работают на низкооплачиваемых и занятых, но незначительных работах. Мы также можем включить образование в такие области. В странах Центральной Азии, в том числе в Кыргызстане, в сфере образования работают более 60% женщин. Однако количество женщин, продолжающих свою научную работу после получения высшего образования, довольно мало, поэтому мужчины по-прежнему работают на руководящих и высокооплачиваемых должностях в этих областях. В этой статье мы покажем эти различия с помощью статистических данных и дадим рекомендации по уменьшению дисбаланса.*

**Ключевые слова:** *гендер, образование, заработная плата, дискриминация, Кыргызстан, женщины, должность, Азия.*

## GENDER ISSUES IN EDUCATION

**Shabieva Nurzhan Baktybekovna** (0000-0003-4723-7294), **Ergashova Rayana Narziboevna** (0009-0004-3042-9702)

Batken State University, Batken c., Kyrgyzstan

**Abstract:** *The Millennium Development Strategy aims to eliminate gender inequality throughout the world. As we all know, especially in Asian countries, women are subjected to gender discrimination due to mentality. When we look at economic and social lines, men work in high-paying positions while women work in low-paying and busy but insignificant jobs. We can also include education in such areas. In the countries of Central Asia, including Kyrgyzstan, more than 60% of women work in the field of education. However, the number of women who continue their scientific work after graduating is quite small, so men still work in leadership and highly paid positions in these areas. In this article, we will show these differences with the help of statistics and make recommendations for reducing the imbalance.*

**Key words:** *gender, education, wages, discrimination, Kyrgyzstan, women, position, Asia*.

### 1. Киришүү.

Дүйнө жүзүндө айрыкча Азия жана Африкада гендердик маселе өтө жогору деңгээлде ураары баарыбызга маалым. Европа өлкөлөрүндө 19 кылымдан бери гендердик теңсиздиктен арылууга чоң кадамдар жасалып келет. Ал эми биздин чөлкөмүбүздө бул маселе дагы деле актуалдуу бойдон калууда. Бул макалада Кыргызстандагы билим берүүдөгү гендердик маселени чагылдырууга аракет кылабыз.

Жагдайга жараша билим берүүдөгү гендердик теңсиздик ар кандай формада болушу мүмкүн. Ал кыздар менен балдарга, аялдарга жана эркектерге дээрлик бирдей таасир эткенине карабастан, кыздар менен аялдар дагы эле начар абалда болушат.

Аялдар жана кыздар билим алуу жана аяктоо укугун ишке ашырууда жана аны аялдар менен кыздардын жашоосунда ийгиликтүү колдонууда көптөгөн тоскоолдуктарга дуушар болушат, анын ичинде жакырчылык, географиялык четтөө, азчылык статусу, эрте никеге туруу, кош бойлуулук, гендердик зомбулук жана аялдардын статусу жана ролу жөнүндө калыптанып калган ишенимдер болуп саналат.

Билим берүүдөгү гендердик дискриминация коомдогу гендердик теңсиздиктин себеби жана натыйжасы болуп саналат. Бул калыптанып калган системадан арылууда билим берүү системасы аркылуу жана анын ичинде гендердик теңчиликти илгерилетүүгө басым жасоо абдан маанилүү.

### 2. Материалдар жана изилдөө ыкмалары.

Кыргызстандагы абалды карай турган болсок, негизи эле Орто Азияда калыптанып калган улуттук салттарга таянган, аялдардын оорду үй тиричиликтери менен бала багууга багытталган. Өлкөбүздө мыйзамдуу

түрдө аялдар эркектер менен тең укуктуу болгонуна карабастан, иш жүзүнө келгенде дискриминациянын деңгээли жогору экендигин официалдуу статистикалык маалыматтардан көрө алабыз.

Билим берүүдө гендер маселесин көптөгөн дүйнөлүк изилдөөчүлөр көтөрүп чыгышкан. COVID-19 учурунда Орто Азияда жогорку билим берүүдө айырмачылыктарды Saniyazova, A., & CohenMiller, A. (2022). DeYoung, A. J., & Constantine, E. A. (2009) көйгөйдүн келип чыгышы, кийинки төмөндөө жана Борбордук Азиядагы гендердик теңчиликке байланыштуу учурдагы чакырыктар, саясаттар жана практикалар, айрыкча билим берүү жана жогорку билим берүүдөгү абалды көрсөтүшкөн. Dommaraju, P., & Agadjanian, V. (2018) никедеги туруксуздукка билим берүүнүн жана жумуштуулуктун таасириндеги гендердик айырмачылыктарды карашкан. Билим алгандан кийин жаш айымдардын ишке кирүүдөгү маселелерин, билимин улантуудагы мүмкүнчүлүктөрүн Кавказ жана Орто Азиядагы жагдайды Gebel, M. (2020) изилдеген Аял затынын репродиктивдүү курагында иш менен камсыздалышында бала багуу менен байланышкан кырдаалдар, толук иш күнү же бош график менен иштөө мүмкүнчүлүктөрүн Австралия мисалында Lee, R ж.б. (2020) караган. Билим берүүдөгү гендердик айырмачылыктарды эске алуу проблемасына жана жалпысынан билим берүүдөгү бул маселени Тукачева, Ю. С. (2010) изилдеген Кыргызстандык аялдардын илим тармагына аттанган сапарынын өзгөчөлүктөрүн Эдилова, М. (2017) изилдеген.

Кыргызстанда тарыхый жактан өнүккөн экономикалык ишмердүүлүктүн чөйрөлөрү боюнча аялдардын жана эркектердин бөлүштүрүлүшүнүн тармактык түзүмү динамикалуу өзгөрүп жаткан жашоо шарттары менен түздөн-түз карама-каршы келет. Статистикалык маалыматтарга ылайык, аялдар жогорку билимге ээ болуу менен бирге эмгек ресурстарынын олуттуу бөлүгүн түзөт, бул алардын экономиканы өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымын билдирет. Ошол эле учурда реалдуу турмуштагы гендердик стереотиптер аялдардын социалдык жана кесиптик статусунун төмөндөшү менен коштолгон эмгек рыногундагы абалына таасирин тийгизет. Мисалы экономикалык активдүү эмес калктын арасында аялдардын үлүшү жогору жана 70%ды түзөт. Аялдар арасындагы жумушсуздуктун деңгээли (13,6%) эркектерге караганда (8,3%) жогору. Жумушка орношуудагы эң чоң гендердик ажырым 20-29 жаштагы эркектер менен аялдардын арасында байкалат, бул балдардын төрөлүшүнө дал келет, аялдар көбүнчө жумуштан кеткенге дуушар болушат.

**3. Изилдөөлөрдүн натыйжалары.**

Көп жылдар бою экономикадагы “аял” секторлорунун бири билим берүү болуп саналат - бул чөйрө аялдар үчүн бир катар жагымдуу факторлор менен мүнөздөлөт - салыштырмалуу эркин иш, эмгек өргүүсүнүн туруктуулугу жана узактыгы, социалдык камсыздоо. Бирок бул чөйрөдө да, статистика боюнча, бүтүндөй эмгек рыногуна мүнөздүү горизонталдык жана вертикалдык сегрегациянын көрүнүштөрү байкалат. Бул академиялык чөйрөдөгү аялдардан асимметрияларды жоюу, карьералык стратегияларды ишке ашыруу жана билим берүүгө инвестициянын адекваттуу кайтарымын алуу үчүн кошумча ресурстарды тартууну талап кылат, мунун натыйжасында академиялык чөйрөдө – билим берүү

тармагындагы гендердик теңчилик проблемасы кызыгууну жаратат.

Аялдар жогорку билим деңгээлине ээ болгонуна карабастан, аз айлык төлөнүүчү кызматтарда иштешет, көп учурда жумушка кирүүдө да жынысына карата дискриминацияга кабыл болушат. Мисалы турмушка чыга турган кыздар, же турмушка жаңы чыгып балалуу боло турган айымдарыбызды ишке алууда артыкчылык эркектерге берилээри баарыбызга маалым. Бул проблема Кыргызстанда эле эмес дүйнөлүк деңгээлде да чоң көйгөй болуп саналат. Ал эми биздин өлкөдө улуттук салттардын басымынын натыйжасында аялдардын укугу көп учурда корголбой калат. Билим берүү тармагын карай турган болсок, баштапкы билим берүү, мектептерде иштегендердин көлөмүндө аялдар басымдуулук кылат, себеби бул тармактарда жогорку билим талап кылынбашы мүмкүн жана айлык маяна кыйла төмөн болуп саналат. Ал эми жогорку окуу жайларда кызмат акы салыштырмалуу жогору болгондуктан мырзалардын саны жогору. Мындан сырткары жетектөөчү кызматтарды ээлегендин көп бөлүгүн дагы эркектер ээлеп келет.

**Таблица 1.** Күндүзгү жалпы билим берүү уюмдарындагы мугалимдердин жынысы боюнча саны

| **Жылдар** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** | **2021** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 75 502 | 75 656 | 74 407 | 72 928 | 75 529 | 79 472 | 80 773 | 77 639 | 78 552 | 82 055 | 82 724 |
| **Аялдар** | **62 424** | **62 494** | **61 817** | **60 861** | **63 345** | **66 784** | **68 176** | **65 924** | **66 976** | **70 169** | **71 076** |
| Эркектер | 13 078 | 13 162 | 12 590 | 12 067 | 12 184 | 12 688 | 12 597 | 11 715 | 11 576 | 11 886 | 11 648 |

Булак: КР УСК маалыматы.

Жогоруда көрүнүп тургандай жалпы билим берүү тармагында эмгектенгендердин саны 2021-жылга карата аялдардын саны 86%ды түзөт, бул көрсөткүч 2011-жылга караганда 3%га көп. Демек убакыттын өтүшү менен гендердик дисбаланс азайуунун ордуна тескеринче көрүнүш орун алып жатканын көрө алабыз. Бул өз кезегинде айлык маянасы аз уюмдарда аял затынын саны көп экендигин далилдейт.

Баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарында аял жана эркектердин ортосунда дисбаланс азыраак экенин көрсөк болот. 2020-жылы аялдар 2020-жылы жалпы көлөмдүн 52 % түзсө 2011-жылы 44% түзчү, демек, акыркы маалда бул тармакта да эркектердин санынын азайуусу байкалат.

**Таблица 2.** Баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарынын окутуучуларынын саны

| **Жылдар** | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 3 983 | 3 920 | 3 405 | 3 505 | 3 548 | 3 680 | 3 610 | 3 164 | 3 403 | 3 510 |
| **Аялдар** | **1 762** | **1 674** | **1 718** | **1 757** | **1 756** | **1 838** | **1 818** | **1 634** | **1 707** | **1 822** |
| Эркектер | 2 221 | 2 246 | 1 687 | 1 748 | 1 792 | 1 842 | 1 792 | 1 530 | 1 696 | 1 688 |

Булак: КР УСК маалыматы.

**Таблица 3**. Орто кесиптик билим берүү уюмдарынын окутуучуларынын саны

| Жылдар | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 5 590 | 6 343 | 7 230 | 7 547 | 6 725 | 7 427 | 7 496 | 7 179 | 7 181 | 7 299 | 7 857 |
| **Аялдар** | **3 947** | **4 413** | **5 077** | **5 246** | **4 666** | **5 094** | **5 218** | **4 986** | **5 063** | **5 117** | **5 653** |
| Эркектер | 1 643 | 1 930 | 2 153 | 2 301 | 2 059 | 2 333 | 2 278 | 2 193 | 2 118 | 2 182 | 2 204 |

Булак: КР УСК маалыматы.

Орто кесиптик билим берүү уюмдарында дисбаланс баштапкы кесиптик билим берүү уюмдарына караганда көбүрөөк 2011-жылы 71% аялдар түзсө, 2021-жылы 72%га көтөрүлгөн.

**Таблица 4.** Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын окутуучуларынын саны

| жылдар | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 12 830 | 12 633 | 14 059 | 13 155 | 14 233 | 10 812 | 12 145 | 11 665 | 12 160 | 12 197 | 12 911 |
| аялдар | 7 329 | 7 479 | 7 946 | 8120 | 8 457 | 6 433 | 7 435 | 7 073 | 7 390 | 7 562 | 7 977 |
| эркектер | 5 501 | 5 154 | 6 113 | 5 592 | 5 776 | 4 379 | 4 710 | 4 592 | 4 770 | 4 635 | 4 934 |

Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында аялдардын саны 2011-жылы 57% болсо 2021-жылы 62%га жеткен.

Бул маалыматтардан биз билим берүү тармагында кызмат кылган калктын басымдуу бөлүгүн аялдар ээлегенин көрө алабыз. Бул көрүнүштү диаграмма түрүндө көрсөтсөк дагы да ачык көрө алабыз.

**Диаграмма 1.** Билим берүү тармагында иштегендердин жынысына карата бөлүнүшү 2011-жыл






**Диаграмма 2.** Билим берүү тармагында иштегендердин жынысына карата бөлүнүшү 2021-жыл




4.

**4.Дискуссия**

2011-жылдан баштап 2021-жылга чейин бул тармакта эмгектенгендердин арасында маанилүү бир өзгөрүү болбогонун жана дагы деле аялдардын саны басымдуулук кылып келгендигине көрө алдык. Бул өлкөбүздө болгон гендердик дисбалансстан сөз кылат. Бардык эле экономикалык тармактарга караганыбызда, айлык маянасы жогору, кесиптик карьера жасай ала турган орундарда эркектер иштеп келет, ал эми социалдык, жоопкерчилиги жогору, бирок айлык маянасы аз болгон тармактарда аялдар эмгектенип келет. Мисалы жогоруда көрсөткөнүбүздөй билим берүү тармагында жана ошондой эле медицина тармагында дагы аялдар басымдуулук кылат. Бизнес, программалоо сыяктуу тармактарда эркектердин саны арбын.

**5. Корутунду**

Өлкөнүн экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн негизи болуп билим берүү тармагы десек жаңылышпайбыз, бирок бул тармакта иштегендердин арасындагы гендердик дисбаланс келектеги муундарыбызга ушул көрүнүштү норма катары кабыл алуусунун булагы болуп калышы мүмкүн. Ошол себептен Кыргыз Республикасыны билим берүү жана илим министрлиги тарабынан көзөмөлгө алынып, бул тармакка эркектердин келүүсүн шартоо керек. Ошону менен бирге башка тармактарда Кыргыз Республикасынын Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлиги тарабынан көзөмөлгө алынып аялдарды жынысына карата, айрыкча турмушка чыга турган, жана балауу болуу алдында турган аялдарды ишке алууда дискриминацияланышына жол бербөөсү керек. Мындан сырткары билим берүү тармагында эмгектенген айымдардын илимий ишин улантуусуна жана башкаруучу кызматтарды ээлөөсүнө көмөкчү боло турган иш чаралар көрүлүшү керек деп ойлойбуз. Мамлекеттин келечеги билимдүү муундан көз каранды болгондуктан бул тармакта сапаттуу адистер эмгектенип, келечек муунга туура көз караштарды калыптандырууга аракеттерди жасашыбыз керек.

**6. Колдонулган адабияттар**

1. Saniyazova, A., & CohenMiller, A. (2022). Gender Equity in Higher Education

During COVID-19 in Central Asia. *European Education*, *54*(1-2), 1-2.

2. DeYoung, A. J., & Constantine, E. A. (2009). Re-gendered education and society in the newly independent states (NIS) of Central Asia. In *Gender, equality and education from international and comparative perspectives* (Vol. 10, pp. 255-299). Emerald Group Publishing Limited.

3. Dommaraju, P., & Agadjanian, V. (2018). Marital instability in the context of dramatic societal change: the case of Kyrgyzstan. *Asian Population Studies*, *14*(3), 232-250.

4. Gebel, M. (2020). Young women's transition from education to work in the Caucasus and Central Asia. *The ANNALS of the American Academy of Political and Social Science*, *688*(1), 137-154.

5. Lee, R., Ruppanner, L., & Perales, F. (2020). Making it work: Migration, motherhood and employment in Australia. *Social Science Research*, *88*, 102429.

6. Тукачева, Ю. С. (2010). Гендер в образовании. *В мире научных открытий*, (4-8), 120-121.

7. Эдилова, М. (2017). Женщины Кыргызстана в образовании и науке. *Alatoo Academic Studies*, (2), 131-134.

8. КР УСК Гендердик статистика, Билим берүү жана илим. http://www.stat.kg/ru/gendernaya-statistika/obrazovanie-i-nauka/ (кирген датасы 27.02.2023)